УДК 821.512.154

Сулайманкулова Мээрим Бекболотовна,
филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Юридикалык академиясы,
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары

Шаршенова Рысбү Айылчиевна,
аспирант,
Кыргыз билим берүү академиясы,
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН «ТООЛОР КУЛАГАНДА» РОМАНЫНДАГЫ УКУКТУК, ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАНА ГУМАНИСТТИК ИДЕЯЛАР

Сулайманкулова Мээрим Бекболотовна,
кандидат филологических наук, доцент,
Юридическая академия Генеральной прокуратуры Кыргызской Республики,
Кыргызская Республика, город Бишкек

Шаршенова Рысбү Айылчиевна,
аспирант,
Кыргызская академия образования,
Кыргызская Республика, город Бишкек

ПРАВОВЫЕ, ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ И ГУМАНИСТИЧЕСКИЕ ИДЕИ В РОМАНЕ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «КОГДА ПАДАЮТ ГОРЫ (ВЕЧНАЯ НЕВЕСТА)»

Sulaimankulova Meerim Bekbolotovna,
Candidate of Philology, Associate Professor,
Law Academy of the Prosecutor General's Office of the Kyrgyz Republic,
Kyrgyz Republic, Bishkek city

Sharshenova Rysbu Aiylchievna,
Graduate Student,
Kyrgyz Academy of Education,
Kyrgyz Republic, Bishkek city

LEGAL, ENVIRONMENTAL, AND HUMANISTIC IDEAS IN CHINGIZ AITMATOV'S NOVEL WHEN THE MOUNTAINS FALL (THE ETERNAL BRIDE)

Аннотация: *Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун «Тоолор кулаганда» романындагы укуктук, экологиялык жана гуманисттик идеялар комплекстүү илимий талдоого алынат. Изилдөөнүн максаты – чыгармадагы укуктук аң-сезимдин, экологиялык жоопкерчиликтин*

браконьерликке, терроризмге жана мыйзамдуулукка байланышкан маселелердин көркөм чагылдырылышын аныктоо. Изилдөөдө адабий талдоо, салыштырма-укуктук, герменевтикалык жана системалуу талдоо методдору колдонулду. Талдоонун жыйынтыгында романдагы Жаабарс менен Арсен Саманчиндин образдары аркылуу жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, жарандык жоопкерчилик, гуманизм жана адам укуктарын урматтоо идеялары көркөм-философиялык деңгээлде ачылганы аныкталды. Ошондой эле чыгармада браконьерлик, терроризм жана экологиялык коопсуздук маселелери заманбап укуктук көйгөйлөрдүн контекстинде каралып, алардын коомдук жана моралдык кесепеттери көрсөтүлгөн. Макаланын илимий жаңылыгы романдын укуктук, экологиялык жана гуманисттик аспектилерин өз ара байланышта комплекстүү талдоосунда турат.

Түйүндүү сөздөр: *Чыңгыз Айтматов, «Тоолор кулаганда», укуктук аң-сезим, экологиялык жоопкерчилик, экологиялык коопсуздук, браконьерлик, гуманизм, мыйзамдуулук, адам укуктары, Арсен Саманчин, Жаабарс.*

Аннотация: *В данной статье проводится комплексный научный анализ правовых, экологических и гуманистических идей, представленных в романе Чингиза Айтматова «Когда падают горы (Вечная невеста)». Цель исследования заключается в выявлении художественного отражения правового сознания, экологической ответственности, а также проблем браконьерства, терроризма и законности, раскрытых в произведении. В ходе исследования использованы методы литературоведческого, сравнительно-правового, герменевтического и системного анализа. В результате исследования установлено, что через художественные образы Жаабарса и Арсена Саманчина автор раскрывает идеи охраны природы, соблюдения законности, гражданской ответственности, гуманизма и уважения прав человека. Особое внимание уделено осмыслению проблем браконьерства, терроризма и экологической безопасности в контексте современных правовых вызовов, а также их социальных и нравственных последствий. Научная новизна статьи заключается в комплексном рассмотрении правовых, экологических и гуманистических аспектов романа в их взаимосвязи.*

Ключевые слова: *Чингиз Айтматов, «Когда падают горы (Вечная невеста)», правовое сознание, экологическая ответственность, экологическая безопасность, браконьерство, гуманизм, законность, права человека, Арсен Саманчин, Жаабарс.*

Abstract: *This article presents a comprehensive scientific analysis of the legal, environmental, and humanistic ideas reflected in Chingiz Aitmatov's novel When the Mountains Fall (The Eternal Bride). The purpose of the study is to identify the artistic representation of legal consciousness, environmental responsibility, and the issues of poaching, terrorism, and the rule of law depicted in the novel. The research employs literary, comparative legal, hermeneutic, and systematic analysis methods. The findings demonstrate that through the images of Jaabars and Arsen Samanchin, the author reveals the ideas of environmental protection, the rule of law, civic responsibility, humanism, and respect for human rights. The novel also addresses the issues of poaching, terrorism, and environmental security within the context of contemporary legal challenges, emphasizing their social and moral consequences. The scientific novelty of the article lies in its comprehensive analysis of the legal, environmental, and humanistic dimensions of the novel and their interrelationship.*

Keywords: *Chingiz Aitmatov, When the Mountains Fall (The Eternal Bride), legal consciousness, environmental responsibility, environmental security, poaching, humanism, rule of law, human rights, Arsen Samanchin, Jaabars.*

Киришүү. Чыңгыз Айтматов дүйнөлүк көркөм адабияттагы эң көрүнүктүү жазуучулардын бири сымал адамзаттын руханий өнүгүүсүнө байланышкан маселелерди көркөм формада терең чагылдырган [1]. Улуу жазуучунун чыгармаларында адилеттүүлүк жана жоопкерчилик, адамдык абийир, табият менен адамзаттын мамилеси сыяктуу маселелер дайыма башкы орунда турат.

Жазуучунун акыркы чыгармасы катары «Тоолор кулаганда» романы жаңы кылымдын глобалдык көйгөйлөрүнө арналган философиялык чыгарма болуп саналат. Романда экологиялык кризис, браконьерлик, терроризм, руханий деградация жана коомдук коопсуздук маселелери бири-бири менен бекем байланышта сүрөттөлүп берилет.

Чыгарманын өзгөчөлүгү – анын көркөм адабий текст болуу менен катар эле укуктук аң-сезимди калыптандыруучу жана коомдук жоопкерчиликке үндөөчү функцияны аткарып турганында.

Изилдөөнүн максаты. Айтматовдун чыгармачылыгы көптөгөн окумуштуулар тарабынан ар тараптуу, ар кырлуу аспектиде изилденип келди. Абдылдажан Акматалиев анын чыгармаларын жалпы адамзаттык баалуулуктардын көркөм системасы катары караса [2], Осмонакун Ибраимов улуу жазуучунун чыгармаларындагы цивилизациялык өзгөрүүлөрдүн философиясын талдоого алган [3].

Бирок «Тоолор кулаганда» романынын укуктук аспектиси азыркы мезгилге чейин жетиштүү деңгээлде өз алдынча изилденбей келет. Көбүнчө изилдөөлөр чыгарманы экологиялык, философиялык жана публицистикалык өңүттө изилдеген. Ошондуктан чыгармадагы укуктук аң-сезим, экологиялык жоопкерчилик жана коомдук коопсуздук маселелерин комплекстүү талдоо актуалдуу болуп саналат. Изилдөөнүн максаты – Чыңгыз Айтматовдун акыркы бул романындагы укуктук жана экологиялык маселелердин көркөм интерпретациясын талдоо, ошону менен бирге эле чыгармадагы укуктук аң-сезим жана адам укуктары, экологиялык жоопкерчилик, коомдук коопсуздук идеяларынын мазмунун аныктоо.

Изилдөөнүн методу. Изилдөөдө адабий талдоо, салыштырма-укуктук, герменевтикалык ыкма жана системалуу талдоо ыкмалары колдонулду. Бул ыкмалар романдагы көркөм образдардын укуктук жана философиялык мазмунун комплекстүү кароого мүмкүнчүлүк берди.

Негизги мазмуну. Жаабарстын образы жана экологиялык жоопкерчилик идеясы. Романдагы эң башкы маанилүү көркөм символдордун бири – Жаабарс. Айтматов бул образ аркылуу адам менен жаратылыштын ортосундагы болгон мамилелердин терең кризисин ачып берет. Жаабарс чыгармада жөн гана жапайы жаныбар катары гана эмес, табият эркиндигинин, тазалыгынын жана түбөлүктүүлүгүнүн символу катары сүрөттөлөт. Анын жашоо мейкиндигинин улам тарып баратышы жана адам факторунун тийгизген таасиринен улам табигый жашоо шартынын бузулушу азыркы дүйнөдөгү болуп жаткан экологиялык көйгөйлөрдү чагылдырат. Айтматовдун чыгармачылыгындагы адам менен жаратылыштын өз ара байланышы изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде да белгиленип келет. Алсак, «Дүйнө жүзүнө белгилүү, кыргыз эл жазуучусу Ч. Айтматов чыгармаларынын көбүндө жаратылыш темасына кайрылган. Жаратылыш бизди курчап турган айлана-чөйрө адам баласына гана керек. Биз аны талкалап бүлдүрүүгө эч акыбыз жок» [4]. Мисалы, Б. Бейшенбаева жазуучунун чыгармаларында жаратылыш темасы өзгөчө орунда турарын жана адамдын табиятка аяр, камкор мамиле жасоосу идеясы кеңири чагылдырылганын баса белгилейт.

Айтматов жаратылыштын кыйрашы адамзаттын руханий кыйрашы менен түздөн-түз байланыштуу экенин көрсөтөт. Романда Жаабарстын кайгылуу трагедиясы аркылуу жаратылышка болгон жоопкерчиликсиз мамиле акыры жүрүп жалпы коомдук кризиске алып келери көрсөтүлөт. Бул жерде улуу жазуучу “экологиялык жоопкерчилик” түшүнүгүн көркөм формада негиздеп жатат.

Азыркы учурда экологиялык укукта биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо негизги принциптердин бири болуп саналат. Сейрек кездешүүчү жапайы жаныбарлардын ар бир

түрү экосистеманын ажырагыс бөлүгү катары каралат. Илбирске окшогон сейрек кездешүүчү жаныбарлардын жоголуп кетиши экологиялык тең салмактуулуктун бузулушуна алып келет. Романдагы окуялар дал ушундай коркунучтуу көркөм формада ачылып берилет. Азыркы мезгилде дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттеринде сейрек кездешүүчү жана жоголуп кетүү коркунучунда турган жаныбарларды коргоого алуу мыйзам аркылуу камсыздалат. Бул багыттагы укуктук жөнгө салуу жаратылышты коргоонун жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоонун негизги механизмдеринин бири болуп саналат. Кыргыз Республикасында сейрек кездешкен жана жоголуп кетүү коркунучунда турган жаныбарларды коргоо «Жаныбарлар дүйнөсү жөнүндө» Мыйзам, Кыргыз Республикасынын Кызыл китеби жана башка экологиялык мыйзам актылары аркылуу жүзөгө ашырылат [5; 6].

Ошондой эле жапайы фаунаны коргоо эл аралык деңгээлде дагы укуктук коргоого алынган. Бул багытта Жоголуп кетүү коркунучунда турган жапайы фауна жана флора түрлөрү менен эл аралык соода жүргүзүү жөнүндөгү конвенция (CITES, 1973), Биологиялык ар түрдүүлүк жөнүндөгү конвенция (1992), Миграциялоочу жапайы жаныбарларды коргоо жөнүндөгү Бонн конвенциясы (1979) жана Европанын жапайы жаратылышын жана табигый жашоо чөйрөсүн коргоо жөнүндөгү Берн конвенциясы (1979) кабыл алынган [7]. Аталган эл аралык укуктук документтер жапайы жаныбарларды коргоо, алардын мыйзамсыз жок кылынышына жол бербөө жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо боюнча мамлекеттердин милдеттенмелерин аныктап турат.

Жаабарс адам баласынын ач көздүгүнүн жана керектөөчүлүк психологиясынын курмандыгы болуп калат. Ошондуктан анын образы экологиялык адилеттүүлүктүн бузулушунун символу катары дагы кызмат кылат. Улуу жазуучубуз окурманды жаратылышка болгон мамилесин кайрадан карап чыгууга чакырып, адам менен жаратылыштын ортосундагы гармониянын маанисин белгилейт.

Браконьерлик жана экологиялык коопсуздук маселеси. «Тоолор кулаганда» романында браконьерлик жөн гана мыйзам бузуу болуп эсептелбестен, жалпы адамзаттык баалуулуктарга каршы багытталган негизги көйгөйлүү көрүнүш катары берилет. Чет өлкөлүк бай адамдар – «араб шейхтери» үчүн уюштурулган аңчылык көрүнүштөрү коммерциялашып кеткен зордук-зомбулуктун формасы катары сүрөттөлөт. Жаныбарларга мындай кол салып, жок кылуу көрүнүшү адамзатынын көңүл ачуу каражатына айланып калганы коомдогу моралдык кризистин белгиси катары көрсөтүлөт.

Автордун көз карашында, браконьерлик жаратылышка гана зыян келтирбестен, коомдук аң-сезимге дагы зыян келтирет. Себеп дегенде, мыйзамсыз аңчылык кылуу адамдардын мыйзамга карата болгон урматсыйын төмөндөтөт жана жоопкерчиликсиз жүрүм-турумду күчөтөт. Романдагы каармандардын айрымдары үчүн материалдык кызыкчылык мыйзамдан жана моралдык нормалардан да жогору турат. Мисалга алсак, Арсендин атасынын бир тууган иниси Бектурдун Үзөңгүлөш тоосуна «Мерген» аттуу аң уулоочу фирмасын ачып алып, ачыктан-ачык эле чет өлкөлүктөр менен иш жүргүзгөнү материалдык кызыкчылык болбой эмне.

Бүгүнкү күндө “экологиялык коопсуздук” түшүнүгү улуттук коопсуздуктун маанилүү ажырагыс бөлүгү болуп калды. Биологиялык ресурстардын барган сайын азайышы, жапайы жаныбарлардын жок болуп баратышы жана экосистемалардын бузулушу бүтүндөй коомдун өнүгүшүнө терс таасирин тийгизет. Айтматов салттуу түрдө көтөрүп келген бул көйгөйлөрдү дагы бир жолу акыркы көркөм чыгармасы аркылуу көтөрүп чыгып, алардын социалдык коркунучун алдын ала көрсөткөн.

Браконьерлик маселеси романда укуктук нигилизмдин көрүнүшү катары дагы ачылат. Каармандар ааламдашуу заманында мыйзамдын талаптарын билишкенине карабастан, жеке кызыкчылыктары үчүн аны бузууга даяр турушат. Мындай көрүнүштөр бүгүнкү күндө

дагы дүйнөнүн көптөгөн булуң-бурчунда актуалдуу көйгөй бойдон калууда.

Романдагы браконьерликтин кылмыш-укуктук мүнөздөмөсү. Чыңгыз Айтматовдун «Тоолор кулаганда» романында «браконьерлик» маселеси жөн гана экологиялык көйгөй гана болбостон, кылмыш-укуктук мааниге ээ болгон коомдук коркунучтуу маселе катары кыргыз адабиятында биринчилерден болуп чагылдырылган. Чыгармада чет өлкөлүк араб ханзадаларынын кызыкчылыгы үчүн уюштурулган мыйзамсыз аңчылык сүрөттөлүп, жапайы жаныбарлар материалдык пайда табуунун каражатына айлангандыгы көрсөтүлөт. Бул чагылдырылган көрүнүштөр аркылуу жазуучу адам менен жаратылыштын ортосундагы гармониянын бузулушун гана эмес, мыйзамдуулуктун жана коомдук жоопкерчиликтин төмөндөшүн дагы чагылдырат.

Кылмыш-укуктук көз караштан алганда, чыгармадагы браконьерлик аракеттеринде экологиялык кылмыштардын бир катар белгилери байкалат. Эң биринчи эле кылмыштын объектиси катары жаныбарлар дүйнөсүн коргоо боюнча коомдук мамилелер чыгат. Жапайы жаныбарлар мамлекет тарабынан корголуучу табигый ресурстардын курамына киргендиктен, аларга мыйзамсыз кол салуу экологиялык коопсуздукка зыян келтирет [8]. Экинчиден, романдагы сүрөттөлгөн мыйзамсыз аңчылык атайылап жасалган аракет катары сүрөттөлөт, башкача айтканда, күнөөлүү адамдар өз аракеттеринин мыйзамсыз экенин түшүнүп турганына карабастан, жеке кызыкчылыктары үчүн ага барышат.

Чыгармадагы браконьерлик аракеттердин өзгөчөлүгү алардын уюшкан мүнөзүндө болуп саналат. Аңчылыкка катышкан адамдардын алдын ала уюштуруу, өткөрүү даярдыгы, Бектурдун мергенчилик бизнеси ойдогудай өтүшү үчүн атайын шарттардын түзүлүшү жана материалдык пайда көрүү максаты мындай аракеттердин азыркы учурда жөнөкөй укук бузуу эмес экенин көрсөтөт. Ушул жагдайлар чыгармадагы сүрөттөлгөн окуяларды коомдук коркунучтуулугу жогору болгон аракеттер катары баалоого негиз берет.

Романдын укуктук маанисин күчөтүп турган дагы бир жагдай – аңчылыктын куралы болгон жаныбарлардын сейрек кездешүүчү түрлөргө таандык болушу. Чыгармада берилген Жаабарстын образы ак илбирстин көркөм модели катарында кабыл алынат. Белгилүү болгондой, ак илбирс Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизилген жана мамлекет тарабынан өзгөчө коргоого алынган жаныбарлардын катарына кирет [6]. Мындай жаныбарларды мыйзамсыз жок кылуу биологиялык ар түрдүүлүккө олуттуу зыян келтирип, экосистеманын туруктуулугуна терс таасирин тийгизет.

Залкар жазуучубуз браконьерликти укуктук ченемдерди бузуу катары гана эмес, моралдык жоопкерчиликтин жоктугунун көрүнүшү катары дагы чечмелейт. Романдагы айрым каармандар үчүн, алсак, Арсендин аталаш агасы Бектур Саманчиндин мисалында карай турган болсок, материалдык кызыкчылык жаратылышты коргоо зарылдыгынан да жогору коюлат. Натыйжада жаратылыштын байлыгы пайда табуунун объектисине айланып, адамдык баалуулуктар экинчи планга сүрүлүп чыгат. Жазуучу мындай көрүнүштөрдүн коом үчүн кооптуу экенин утурдан белгилеп, укуктук жоопкерчилик менен катар эле моралдык жоопкерчиликтин дагы маанисин баса белгилеп көрсөтөт.

Ошентип, «Тоолор кулаганда» романындагы браконьерлик көрүнүштөрү экологиялык кылмыштардын негизги белгилерин өзүндө камтып тургандыгы менен айырмаланат. Чыгарма жаратылышка каршы жасалган мыйзамсыз аракеттердин укуктук жана моралдык кесепеттерин ачып берүү менен экологиялык укук маданиятын калыптандырууга көмөк көрсөтөт. Ушул жагынан алып караганда, романды көркөм чыгарма гана эмес, экологиялык жоопкерчилик жана мыйзамдуулук идеяларын жайылтуучу маанилүү коомдук-философиялык эмгек катары дагы бааласак болот.

Айтматов романда браконьерликти экологиялык гана маселе эмес, укуктук жана

моралдык жоопкерчиликтин маселеси катары көрсөтүп, жаратылышты коргоонун жалпы адамзаттык маанисин баса белгилейт.

Арсен Саманчиндин образы жана укуктук аң-сезим. Чыгармадагы башкы каармандардын бири болгон Арсен Саманчин – романдын борбордук фигурасы болуп саналат. Ал коомдогу өзгөрүүлөрдү тереңинен түшүнгөн, руханий баалуулуктарды коргоого аракет кылган интеллектуал журналист катары сүрөттөлөт. Арсендин образы аркылуу Айтматов укуктук аң-сезим маселесин кеңири ачып берет.

Укуктук аң-сезим дегенибиз мыйзамдарды билүү менен гана чектелбейт. Ал адилеттүүлүк, жоопкерчилик жана мыйзамдуулукту ички ишеним катары кабыл алууну билдирет. Арсен дал ушундай сапаттарга ээ каарман катары берилет. Ал мыйзамды формалдуу эрежелердин жыйындысы эмес, коомдук тартипти жана адамдык баалуулуктарды камсыз кылуучу механизм катары түшүнөт.

Арсендин трагедиясы анын коомдогу үстөмдүк кылып жаткан прагматикалык жана материалисттик көз караштар менен келишпестигинде жатат. Ал коомдук кызыкчылыкты жеке пайдадан жогору коёт. Бирок мындай позиция акыры аны жалгыздыкка алып келет. Жазуучу ушул аркылуу чыныгы адилеттүүлүк үчүн күрөш көп учурда оор сыноолор менен коштоолорун көрсөтөт.

Арсендин образында жарандык жоопкерчилик идеясы дагы күчтүү орун алган. Анын образы аркылуу мыйзамдардын иштеши үчүн коомдун ар бир мүчөсү активдүү позицияны карманышы керек деген ойду чагылдырып тургансыйт. Ошентип, Айтматовдун каарманы Арсенди укуктук мамлекеттин идеалдуу жарандын көркөм модели катары карасак болот.

Терроризмдин көркөм-философиялык интерпретациясы. Романдагы дагы бир эң актуалдуу темалардын бири – терроризм маселеси болуп эсептелет. Бул маселе чыгармада Арсендин классташтары Ташафган баштаган 5 каарман аркылуу сүрөттөлүп берилет. XXI кылымдын башында дүйнөлүк коомчулук үчүн олуттуу коркунучка айланган бул көрүнүш Айтматов тарабынан романда терең философиялык деңгээлде талданат.

Жазуучу терроризмди саясий максаттарга жетүүнүн каражаты катары гана эмес, адамзаттын руханий кризисинин натыйжасы катары карайт. Айтматов террордук аракеттердин негизинде адам өмүрүнүн баалуулугун жокко чыгарып жатканын Ташафгандын Арсенди мектепке чакырып, арабдарды барымтага алуу аракеттерин түшүндүрүп жатканында эле көрсөтөт. Муну менен романда зордук-зомбулукка негизделген бардык аракеттер кескин сынга алынат.

Айтматов үчүн терроризмдин эң кооптуу жагы физикалык зыян эмес. Ал адамдардын аң-сезимин өзгөртүп, коркуу атмосферасын түзүп, коомдун руханий негиздерин бузат. Терроризм аркылуу адамдар бири-бирине ишенбей калган коом калыптанат.

Ушул себептен улам роман терроризмдин укуктук гана эмес, моралдык жана антропологиялык аспектилерин дагы ачып берет. Бул жагынан чыгарма бүгүнкү күндө дагы актуалдуу бойдон калууда.

Мыйзам, абийир жана адилеттүүлүк концепциясы. Айтматовдун чыгармачылыгынын негизги өзөгүн мыйзам менен абийирдин ортосундагы байланыш түзөт. «Тоолор кулаганда» романында бул маселе өзгөчө терең философиялык деңгээлде чечмеленет.

Жазуучу мыйзамдардын болушу эле коомдо адилеттүүлүктү камсыздай албай турганын көрсөтөт. Эгер мыйзам моралдык негиздерден ажыраса, анда ал формалдуу механизмге айланып калат. Ошондуктан мыйзам менен абийирдин айкалышы укуктук мамлекеттин негизги шарты катары көрсөтүлөт.

Арсен Саманчиндин образы аркылуу жазуучу «адилеттүүлүк» түшүнүгүн ачып берет. Каарман мыйзамдын тамгасына гана эмес, анын рухуна дагы көңүл бурат. Бул табигый укук теориясынын негизги идеялары менен үндөшөт.

Романда мыйзамдуулук коомдун ички маданияты менен байланышта каралат. Адамдар мыйзамды корккондуктан эмес, анын

адилет экенине ишенгендиктен сактаганда гана туруктуу укуктук тартип түзүлөт деген ой чыгарманын маанилүү философиялык жыйынтыктарынын бири болуп саналат.

Глобалдашуу жана жаңы укуктук коркунучтар. «Тоолор кулаганда» романы глобалдашуу доорундагы жаңы коркунучтарды көркөм чагылдырган чыгармалардын катарына кирет. Романдагы окуялар жергиликтүү деңгээлде өнүккөнү менен алардын себептери жана кесепеттери эл аралык мүнөзгө ээ.

Чет өлкөлүк аңчылардын келиши, терроризм коркунучу жана экологиялык көйгөйлөр улуттук чек аралар менен чектелбей турган көрүнүштөр экенин көрсөтөт. Айтматов ушул аркылуу глобалдашкан дүйнөдө мамлекеттердин өз ара жоопкерчилиги күчөгөнүн белгилейт.

Бүгүнкү күндө экологиялык коопсуздук, адам укуктарын коргоо жана терроризмге каршы күрөшүү эл аралык кызматташтыкты талап кылган багыттар болуп саналат. Романда ушул идеялар көркөм образдар аркылуу ачылып берилет.

Глобалдашуу адамдарга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берген менен бирге жаңы коркунучтарды дагы жаратары чыгармада таамай көрсөтүлгөн. Бул жагынан роман заманбап дүйнөнүн көйгөйлөрүн алдын ала сезген чыгарма катары бааланат.

Айтматовдун укуктук гуманизми. Айтматовдун дүйнө таанымынын борборунда гуманизм идеясы турат. Жазуучу адам өмүрүн, эркиндикти жана табиятты эң жогорку баалуулуктар катары карайт. Анын көз карашында, ушул баалуулуктар бузулган жерде мыйзам дагы өзүнүн чыныгы маңызын жоготот. Айтматовдун чыгармаларындагы гуманисттик концепция адамдын ички дүйнөсү, абийири, адеп-ахлактык жоопкерчилиги жана жаратылышка болгон мамилеси менен тыгыз байланышта каралат. Бул тууралуу илимий макалаларда да жазылып, изилденип келген. С. Сакиева жана Ж. Тажибаева Ч. Айтматовдун «Кыямат» романындагы адамдык жана экологиялык маселелердин өз ара байланышын белгилеп: «Мисалы, «Кыямат» романында мезгил-мезгили менен инсанды тынчсыздандырган нерсе – адамдын руханий турмушу, адамдык абийир, адеп-ахлак, ички маданияттын жоголуп баратышы, маданий кризис, адамзаттын келечегине болгон кооптонуу, экологияга, жан-жаныбарларга болгон аёосуз мамиле, же акчага адамдык абийирдин алмашып бараткандыгы ошол адамгерчилик үчүн умтулган адамдардын тагдыры каралат» [9].

«Тоолор кулаганда» романында гуманизм идеясы бардык сюжеттик линияларды бириктирип турат. Жаабарстын тагдыры аркылуу жаратылышка болгон боорукерлик көрсөтүлсө, Арсендин образы аркылуу адамдык абийирдин мааниси ачылат. Терроризм жана браконьерлик болсо гуманизмге каршы көрүнүштөр катары берилет.

Айтматов мыйзамды жазалоо куралы эмес, адамды коргоо механизми катары түшүнөт. Ошондуктан анын чыгармаларында укуктук маселелер дайыма моралдык жана философиялык маселелер менен байланышта каралат.

Жазуучунун укуктук гуманизми бүгүнкү күндө дагы чоң мааниге ээ. Ал коомдун өнүгүшүнүн негизги шарты мыйзамдардын саны эмес, адамдын ички маданияты жана жоопкерчилиги экенин эскертет.

Илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси. Макаланын илимий жаңылыгы «Тоолор кулаганда» романындагы экологиялык, укуктук жана гуманисттик идеялардын өз ара байланышын комплекстүү талдоодо көрүнөт. Изилдөөдө браконьерлик, терроризм, укуктук нигилизм жана экологиялык жоопкерчилик маселелери укуктук категориялар аркылуу чечмеленди.

Изилдөөнүн практикалык мааниси анын жыйынтыктарын филология, укук таануу, экологиялык укук жана укук философиясы боюнча дисциплиналарды окутууда колдонуу мүмкүнчүлүгү менен аныкталат.

Корутунду. Жыйынтыктап айтканда, «Тоолор кулаганда» романы экологиялык, укуктук жана философиялык маселелерди бирдиктүү система катары чагылдырган чыгарма болуп саналат. Жаабарстын образы аркылуу экологиялык жоопкерчилик идеясы

ачылса, Арсен Саманчиндин образы аркылуу укуктук аң-сезим жана жарандык жоопкерчилик маселеси көрсөтүлгөн.

Романдагы браконьерлик, терроризм жана руханий деградация көрүнүштөрү заманбап коомдун негизги коркунучтары катары сүрөттөлөт. Айтматов мыйзамдуулукту адеп-ахлактык жоопкерчилик менен ажырагыс байланышта карап, укуктук мамлекеттин негизи адамдын абийири экенин баса белгилейт.

Ушул жагынан алганда, «Тоолор кулаганда» романы филологиялык гана эмес, укук таануу, экология жана философия илимдери үчүн дагы баалуу изилдөө объектиси болуп саналат.

Адабияттар:

1. *Айтматов Ч.* Тоолор кулаганда (Түбөлүк колукту): роман / Ч. Айтматов. – Бишкек: Учкун, 2006. – 304 б.
2. *Акматалиев А.* Ч. Айтматовдун көркөм дүйнөсү / А. Акматалиев. – Анкара, 1998. – 221 б.
3. *Ибраимов О.* Айтматов – последний писатель империи / О. Ибраимов. – Астана, 2018. – 336 б.
4. *Бейшенбаева Б.Т.* Жаш муунду жаратылышты сүйүүгө тарбиялоонун элдик эпостордо чагылдырылышы / Б.Т. Бейшенбаева // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек. – 2023. – № 2 (60). – С. 43–48.
5. Кыргыз Республикасынын 1999-ж. 17-июндагы № 59 «Жаныбарлар дүйнөсү тууралуу» Мыйзамы.
6. Кыргыз Республикасынын Кызыл китеби. – Бишкек, 2022.
7. CITES. Convention on International Trade in Endangered Species of Wild Fauna and Flora (1973); Биологиялык ар түрдүүлүк жөнүндө конвенция (1992); Бонн конвенциясы (1979); Берн конвенциясы (1979).
8. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. – Бишкек, 2021.
9. *Сакиева С.С.* Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруучу идеялардын чагылдырылышы / С.С. Сакиева, Ж. Тажибаева // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек. – 2014. – № 4 (32). – С. 77–79.

Рецензиялаган:

С.О. Байгазиев,
филология илимдеринин доктору, профессор,
КББАнын академиги